**Кыргыз Республикасынын Борбордук**
**Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча**
**комиссиясынын төрайымы**
**Н.К.Шайлдабековага**

**Бакай-Ата районунун Боо-Терек айылынын**
**Б.Осмонбеков көчөсүнүн № 22 үйүнүн тургуну,**
***Жергиликтүү* Кеңештин депутаттыгына**
**талапкер Д. К. Султанбаевден**
**тел. 0707 -27-10-73**

КР БОРБОРДУК
ШАЙЛОО КОМИССИЯСЫ
ЦЕНТРИЗБИРКОМ КР
Кириш / Входящий № 01-12/1399
23 . 04 2021 ж/г

**А р ы з**

Менин Сизге арыз жазып кайрылганымдын себеби төмөндөгүчө, 2021-жылдын 11-апрель күнүн жалпы Кыргыз Республикасынын аймагында жергиликтүү кеңештин депутаттарын тандоо үчүн шайлоо өткөрүлгөн, жалпыга маалым болгондой жергиликтүү депутат болуш үчүн шайлоого бара жаткан адам соттолбош керек жана ошондой эле сот жообуна тартылбаш керек деп ар бир райондук аймактык шайлоо комиссиясында документ тапшырып жатканда айтылган. Ал эми мурда сот жообуна тартылышып соттолгон деген биздин жарандар Кубанычбеков Абдыбакас Советбекович,Молтоев Руслан Алтымышевич, Бегалиев Т ынчтык Белекович жана Кожокулова Ажарбүбу Узеновналар соттолушса да соттуулугу жөнүндө справкада соттолгон эмес деген тактама менен ( **Кыргыз Республикасынын Ички иштер министрлигинин маалымат борборунда соттолгондугу жөнүндө карточкалары бар болсо дагы** – карточкаларынын ксеро көчүрмөлөрү тиркелет ) 2021-жылдын 11-апрелинде өтүүчү жергиликтүү кеңештин депутаттыгына шайлануу үчүн депутаттыка талапкер болуп катышышты. Ал эми Бакай-Ата районунун Боо-Терек айылынын тургуну , мурда биздин Боо-Терек айыл өкмөтүндө айыл өкмөт башчысы болуп иштеп кеткен 1968 ж.т. Кубанычбеков Абдыбакас Советбекович аттуу жаран мурда бизде айыл өкмөт башчысы болуп иштеп турганда бир нече жолу ар кандай мыйзам бузуучулуктар менен иш алып барып , а кырында сот жообуна тартылып 2019-жылы Бакай-Ата соту тарабынан, Кыргыз Республикасынын Жазык кодексинин 329- статьясынын 1-бөлүмү менен жана 320-статьясынын 2- бөлүмү менен Кызмат абалынын кыянаттык менен пайдаланган деп соттолгон, ал туралуу бизде Кубанычбеков Абдыбакас Советбековичке карата сот тарабынан чыгарылган өкүмү бар. Ошондой эле 2020- жылдын 24-декабрында да Талас облустук соту тарабынан Кубанычбеков Абдыбакас Советбековичке Бакай-Ата райондук сотунун өкүмүн күчүндө калтырган, тактап айтканда Кыргыз Республикасынын Жазык кодексинин 64- стсатьсынын “1” пунктунда көрсөтүлгөндөй “айып” түрү да соттолгондугу болуп эсептелет. Ал эми биздин Боо-Терек айылынын

тургуну Кубанычбеков Абдыбакас Советбекович айыл өкмөт башчысы болуп иштеп туруп , өзүнү артыкчылык кызыкчылыктары үчүн элди алдап, аларга ар кандай жерлерди бурмалап берип, иштеген жумушу менен кыянаттык менен пайдаланып соттолуп жатса да , 2021-жылдын 11- апрелинде өткөн жергиликтүү шайлоого " Мурда соттолбогон" деген маалыматын алып шайлоого катышып жатат. Эми ушундай адамдар мурда сот жообуна тартылып соттолуп жатса да "мурда соттолбогон" деген кагазын алып жергиликтүү кеңешке депутат болуп катышып жатат. Кийин мындай адамдар дагы кандай мыйзам бузуучулук иштерге барат,с ебеби мурда соттолгон адам. Андан тышкары Кубанычбеков Абдыбакас Советбекович талапкерлигин койгон № 6054 шайлоо участкасынын төрагасы болуп бир тууган кайын агасы Калмырзаев Керимбек иштесе, шайлоо комиссиясынын мүчөсү болуп баласы Абдыбакас уулу Бакыт иштеп жатышат. Сизден суранаарым, ушул маселенин дагы мыйзамдуулугун карап чыгуунузду жана Бакай-Ата районунун Боо-терек айылынын тургуну Кубанычбеков Абдыбакас Советбековичтин 30.04.2019-жылы Бакай-Ата райондук соту тарабынан Кыргыз Республикасынын Жазык кодексинин 329- стсатьсынын 1-бөлүмү менен жана 320-статьясынын 2-бөлүмү менен Кызмат абалынан кыянаттык менен пайдаланган деген фактысын дагы текшерип, 2021-жылдын 11-апрелинде болуп өткөн жергиликтүү кеңешке өткөн депутаттыгынан алып салууну өтүнөм, себеби Кубанычбеков Абдыбакас Советбекович мурда кызмат абалынан пайдалануу беренеси менен соттолгон ,ага сот тарабынан күнөлүү деп табылып өкүм чыккан. Боо-Терек айылынын тургуну Кубанычбеков Абдыбакас Советбековичтин соттолгондугу тууралуу маалыматтары бүт баардыгы бар , арызга тиркелет.

Арызга тиркелет.

1. Арыз эки барактан.
2. 30.04.2019-ж Бакай-Ата райондук сотунун Кубанычбеков Абдыбакас Советбековичке чыгарылган өкүмдүн көчүрмөсү.
3. 24.12.2020-ж Талас областык соту тарабынан Кубанычбеков Абдыбакас Советбековичке чыгарылган соттун чечиминин көчүрмөсү.
4. КР ИИМ нен Кубанычбеков Абдыбакас Советбековичтин жана Кожокулова Ажарбүбү Узеновнанын КР ИИМ нин маалымат борборунун соттолгондугу туралуу маалыматынын ( стат карточкасынын ) көчүрмөсү

**Арыз ээси:** **Султанбаев Д. К**